# КОРРУПЦИЯ МАСЕЛЕСИ ЖАНА АНЫН СЕБЕПТЕРИ БОЮНЧА ЭМПИРИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨ

**Ж. Ганиев**,
экономика бөлүмүнүн докторанты КТУ «Манас»

Кыргызстанда коррупция маселеси абдан актуалдуу социалдык-экономикалык жана саясий маселелердин бири. Өткөөл учурдагы реформалар, менчиктештирүү иш-чаралары өлкөдө коррупциянын абдан өсүшүнө шарт түзгөн.

Транспаренси Интернешнл тарабынан түзүлгөн эл аралык рейтинг көрсөткүчү болгон Коррупцияны кабылдоо индекси жана анын негизинде өлкөлөрдүн катарга койулушунда Кыргызстан эң коррупцияга малынган өлкө катарына кирүүдө. Өзгөчө, 2008-жылдын жыйынтыктары бойунча, өлкөнүн абалы мурдакыдан да алда канча начарлап, 0-10 баллга чейинки топтордун арасынан эң төмөнкү (коррупция деңгээли эң жогорку) топко (1,0-1,9 балл тобуна) кирген. Бул абдан кооптуу абал. Себеби, коррупция өкмөткө болгон элдин ишенимин жоготуп, өлкөдө баш аламандыктарга алып келиши мүмкүн.

2005- жана 2010-жылдардагы саясий туруксуздуктардын себеби коррупция, жакырчылык, жумушсуздук сыяктуу факторлор экенин эске алсак, бул абалдын мындай багытта уланышы өлкөбүздүн саясий жана экономикалык туруктуулугу үчүн маанилүү кооптуулуктарды жаратууда. Ошондуктан, коррупцияны жойуу өлкөбүздүн туруктуу өнүгүшүндө негизги факторлордун бири деп айтууга болот.

Бул багытта коррупциянын себептерин билүү маанилүү болууда. Коррупция себептерин аныктоо бойунча акыркы 10-20 жылдын ичинде көптөгөн эмгектер жасалган. Бул эмгектердин негизинде төмөнкүдөй гипотезаларды курууга болот.

*H1: Демократиянын жогорку деңгээлде болушу коррупцияны төмөндөтөт.*

Мындай гипотеза Treisman (2000) [1], Goel and Nelson (2008) [2], Akçay (2002) [3], Serra (2004) [4] сыяктуу көптөгөн эмгектер тарабынан тастыкталган. Бирок, Ades and Di Tella (1997) [5], Paldam (2002) [6] демократия менен коррупция арасында статистикалык маанилүү байланыш таба алышкан эмес. Бирок Treisman (2000) [1] белгилегендей, демократиялык институттардын көп жылдар бойу жакшы иштеши маанилүү.

Бул гипотеза менен байланыштуу дагы бир гипотеза болгон «Англиялык мыйзам системасы (British Law System) коррупцияны азайтат» гипотезасы да Treisman (2000) [1], Goel and Nelson (2008) [2] жана башка эмгектер тарабынан тастыкталган. Бул жыйынтык бойунча, Англиялык мыйзам системасы өкүм сүргөн Англия жана анын мурдакы колония өлкөлөрүндө коррупция төмөн. Бирок бул гипотеза жана анын жыйынтыгына толугу менен кошулууга болбойт. Ошондуктан, биздин ойубузча, бул гипотезаны «мыйзам үстөмдүгү» же «демократиялык мыйзам системасынын эффективдүү иштеши» деп кеңейтүү зарыл. Себеби, эң негизги маселе мыйзам системасынын идеалдуу болуп болбошунда эмес, анын иштеп иштебешинде, башкача айтканда, өлкөдө мыйзам үстөмдүгүнүн орноп орнобошунда.

*H2: Экономикага мамлекеттик кийлигишүү көп өлкөдө коррупция жогору.*

*H2’: Экономикага мамлекеттик кийлигишүү көп өлкөдө коррупция төмөн.*

Treisman (2000) [1], Tanzi (1994) [7], Goel and Nelson (1998) [8], La Porta et al. (1999) [9], Akçay (2002) [3] сыяктуу көптөгөн эмгектер бул гипотезанын туура экендиги жыйынтыгына келишсе, Shleifer and Vishny (1993) [10] тескери болушу мүмкүн деп эсептейт. Тагыраак айтканда, мамлекеттин экономикадагы орду (көбүнчө бюджеттин ИДПга катышы катары каралат) чоң болгон учурда мамлекеттик кызматтарда атаандаштык пайда болуп, монополия жоголушу мүмкүн жана натыйжада коррупция төмөндөйт. Бул бойунча мурунку бөлүмдөрдө кеңирирээк

токтолгонбуз. Башка тараптан караганда, бул гипотеза да H7 гипотезасы менен байланышта болушу мүмкүн. Мамлекеттик бюджеттин чоң болушу мамлекеттик кызматтарда эмгек акылардын жогору болушуна шарт түзөт.

*H3: Экономикалык өнүккөн өлкөдө коррупция төмөн.*

Экономикалык өнүгүүнүн салыштырмалуу көрсөткүчү катары көбүнчө адам башына улуттук киреше (же ИДП) колдонулат. Treisman (2000) [1], Goel and Nelson (2008) [2], Herzfeld (2002) [11], Paldam (2002) [6], Serra (2004) [4] сыяктуу эмгектер бул гипотезанын тууралыгын тастыкташкан. Бул кандайдыр бир деңгээлде H7 гипотезасы менен да байланыштуу, себеби, экономикалык жактан өнүккөн өлкөлөрдө эмгек акылар да жогору деңгээлде болот.

*H4: Калктын билим деңгээли жогору өлкөлөрдө коррупция төмөн.*

Бул гипотезаны Ades and Di Tella (1999) [5], Persson, Tabellini and Trebbi (2003) [12], Serra (2004) [4] сыяктуу эмгектер тастыкташкан.

*H5: Өткөөл өлкөлөрдө орточо коррупция деңгээли салыштырмалуу жогору.*

Өткөөл өлкөлөрдө жүргүзүлүп келе жаткан реформалар жана алгачкы жылдарда бул реформалар (өзгөчө менчиктештирүү процесси, нормативдик-мыйзамдык базанын калыптанышы), табигый ресурстарды иштетүү сыяктуу көптөгөн коррупция жаратуучу факторлор натыйжасында бул өлкөлөрдө кеңири таралган коррупциянын башка өлкөлөрдөн статистикалык жактан айырмалуу болуп болбогондугун текшерүү үчүн бул гипотезаны модельге кошууга болот.

Мындан тышкары, маалымат табуу оор болгон жана башка себептерден улам бул эмгекте модельге алынбаган башка гипотезалар да ар кандай эмгектерде тест кылынган. Алардын кээ бир негизгилери төмөнкүлөр.

*H6: Тышкы соода эркиндиги жогору болсо, коррупция төмөн.*

Атаандаштыктын жогору болушу жана корунуучулук (протекционисттик) саясаттын төмөн болушу коррупцияны төмөндөтүшү мүмкүн. Себеби, корунуучулук саясат жүргүзүлгөндө, бир тараптан кээ бир тармактагы өндүрүүчүлөр ал тармактын тынымсыз тышкы атаандаштыктан корголушу үчүн коррупцияга барышы мүмкүн. Экинчи тараптан, корунуучулук саясат жүргүзгөн өлкөдө монополдошуу күчөп, ал да коррупцияны өстүрүшү мүмкүн.

Treisman (2000) [1], Ades and Di Tella (1996, 1999) [13; 5], Leite and Weidmann (1999) [14] сыяктуу эмгектер бул гипотезанын тууралыгын тастыкташкан. Бирок, Treisman (2000) [1] белгилегендей, бул жыйынтык шектүү болуп саналат. Себеби, себеп-натыйжа байланышы тескерисинче да болушу мүмкүн. Тагыраак айтканда, тышкы соода эркиндиги коррупцияга эмес, тескерисинче коррупция тышкы соода эркиндигине таасир бериши мүмкүн.

*H7: Мамлекеттик тармакта салыштырмалуу эмгек акылар жогору өлкөдө коррупция төмөн.*

Бул жерде салыштырмалуу эмгек акы деген сөз жеке тармакка салыштырмалуу мамлекеттик тармактагы эмгек акы дегенди түшүндүрөт. Башкача айтканда, эгер бир өлкөдө мамлекеттик тармакта эмгек акылар жеке тармакка салыштырмалуу жогору болсо, бул абал мамлекеттик тармакта иштөө кызыкчылыгын жогорулатат. Натыйжада бир тараптан, мамлекеттик тармакка жогорку билимдүү, таланттуу адамдарды тартуу мүмкүнчүлүгү жаралса, экинчи тараптан, мамлекеттик кызматкерлердин кызмат ордунан айрылышынын альтернативдүү зыяны жогору болгондуктан, коррупцияга баруунун риски жогору. Treisman (2000) [1], Rijckeghem and Weder (1997) [15] сыяктуу эмгектер бул гипотезанын тууралыгын тастыкташкан. Karymshakov and Abdykaparov (2008) Кыргызстанда мамлекеттик башкаруу тармагында эмгек акы финансылык ишмердик тармагындагы эмгек акыларга салыштырмалуу абдан төмөн (2006-жылы финансы тармагындагы эмгек акынын 1/3инен бираз жогору), ал эми билим берүү жана саламаттыкты сактоо тармактарында болсо андан да төмөн (2006-жылы финансы тармагынын 1/5инен төмөн) экендигин аныкташкан жана мындай абалда бул тармактарда паракорчулук жана коррупциянын көп болуу ыктымалдуулугу айдан ачык дешет.

*H8: Табигый ресурстарга бай өлкөлөрдө коррупция жогору.*

Ades and Di Tella (1999) [5] жана Treisman (2000) [1] жана башка эмгектер мындай байланыш бар экендигин аныкташкан. Табигый ресурска бай өлкөлөрдө

коррупциянын жогору болушу өнүккөн, капиталисттик өлкөлөр үчүн ыңгай жаратышы мүмкүн. Себеби, коррупция жолу менен кээ бир ири инвесторлор алар үчүн алда канча салыштырмалуу ыңгайлуу шарттарда бул ресурстарды иштетүү мүмкүнчүлүгүнө жете алышат.

Ошондой эле, саясий туруксуздук да коррупцияга тескери таасир берээри аныкталган. Мындан тышкары, географиялык жана тарыхый факторлор (Goel and Nelson, 2008) [2]; социологиялык факторлор арасынан: этникалык жана тилдеги айырмалар (Mauro, 1995 [16]; Shleifer and Vishny, 1993 [10); диний (Treisman, 2000 [1]; Paldam, 2001 [17]); жыныстык айырма (Swamy et al., 2001 [18]; Dollar et al., 1999 [19]); коррупциянын коом тарабынан кадыресе көрүнүш катары кабыл алынышы (Gatti et al., 2003 [20]) сыяктуу факторлор менен коррупция арасында ар кандай эмпирикалык изилдөөлөр жасалып, байланыштар аныкталган.

Ушул сыяктуу эмпирикалык изилдөөлөрдүн негизинде төмөнкүдөй модель түзүлдү:

$$CPI_i = \alpha_0 + \alpha_1 \cdot dem_i + \alpha_2 \cdot gov_i + \alpha_3 \cdot ppp_i + \alpha_4 \cdot educ_i + \alpha_5 \cdot dummy_i + e_i. \quad (1)$$

Бул жерде коррупция көрсөткүчү катары Транспаренси Интернешнл тарабынан даярдалган 2008-жылга тиешелүү Коррупция кабылдоо индекси (CPI) пайдаланылды, көз-каранды өзгөрүүчүнүн аты «CPI» деп алынды. Бул индекс 0дөн (коррупция эң жогору) 10го (коррупция жок) чейинки аралыкта болот.

Көз-карандысыз өзгөрүүчүлөр, б.а. коррупция себептери катары болсо төмөнкү өзгөрүүчүлөр пайдаланылды:

- dem – демократия көрсөткүчү. Бул көрсөткүч катары Freedom House тарабынан даярдалган Аралаш орточо рейтингдер (Combined Average Ratings) пайдаланылды. Бул рейтингдер негизинен 1-7 арасында болуу менен, өскөн сайын демократиянын, эркиндиктин төмөндөгөндүгүн көрсөтөт;
- gov – мамлекеттин экономикага кийлигишүү деңгээли. Бул көрсөткүч катары бюджеттин ИДПга үлүшү (% менен) пайдаланылды, маалыматтар Дүйнөлүк Банктын электрондук маалымат базасынан алынды (WDI Online, 26/10/2009). Өскөн сайын мамлекеттин кийлигишүүсүнүн өскөндүгүн түшүндүрөт;
- ppp – сатып алуу күчү паритети бойунча адам башына ИДП, АКШ доллары. Human Development Report (2009)дан алынды;
- educ – билим берүү индекси. Human Development Report (2009)дан алынды. Бул көрсөткүч өскөн сайын калктын жалпы билим деңгээли жогору;
- dummy - өткөөл өлкөлөрдө коррупциянын орточо деңгээлинин башка өлкөлөрдөн айырмалуу болуп болбогондугун аныктоо үчүн көлөкө өзгөрүүчү колдонулду. Өткөөл өлкөлөр үчүн 1, башка өлкөлөр үчүн 0 мааниси берилди.

E-Views программасында эң кичине квадраттар ыкмасы менен аныкталган регрессия моделинин жыйынтыгы 1-таблицада берилди. Жалпысынан 61 өлкө маалыматтары пайдаланылды.

Регрессия жыйынтыгына жараша моделибиз төмөнкүдөй болот:

$$CPI_i = 4{,}163 - 0{,}361 \cdot dem_i - 0{,}018 \cdot gov_i + 0{,}0001 \cdot ppp_i + 0{,}351 \cdot educ_i - 0{,}546 \cdot dummy_i. \quad (2)$$

Модель жалпысынан статистикалык жактан маанилүү (F-stat = 55,65, Prob.(F-stat) = 0,0000). $R^2$ = 0,834; Adj. $R^2$ = 0,819, демек модельге койулган көз-карандысыз өзгөрүүчүлөрдүн коррупция менен байланышы, б.а., алардын коррупциядагы өзгөрүүнү түшүндүрүү күчү жогору.

Таблица 1. Коррупция себептери бойунча регрессиялык модель жыйынтыктары

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Көз-каранды өзгөрүүчү: **CPI** | | | | |
| Ыкма: Эң кичине квадраттар | | | | |
| Өрнөк: 1 61 | | | | |
| Көзөмөл саны: **61** | | | | |
| Өзгөрүүчү | Коэффициент | Стандарттык ката | t-стат. | Ыктымалдуулук (Prob.) |
| **C** | **4.163657** | **1.013119** | **4.109740** | **0.0001** |
| **DEM** | **-0.361674** | **0.086923** | **-4.160839** | **0.0001** |
| GOV | -0.018079 | 0.016935 | -1.067596 | 0.2904 |
| **PPP** | **0.000111** | **1.34E-05** | **8.254904** | **0.0000** |
| EDUC | 0.351878 | 1.234758 | 0.284978 | 0.7767 |
| **DUMMY** | **-0.546285** | **0.318423** | **-1.715596** | **0.0919** |
| **R-squared** | **0.834959** | Mean dependent var | | 4.777049 |
| **Adjusted R-squared** | **0.819956** | S.D. dependent var | | 2.219939 |
| S.E. of regression | 0.941957 | Akaike info criterion | | 2.811466 |
| Sum squared resid | 48.80053 | Schwarz criterion | | 3.019093 |
| Log likelihood | -79.74970 | **F-statistic** | | **55.65023** |
| Durbin-Watson stat | 2.141321 | **Prob(F-statistic)** | | **0.000000** |

Ар бир фактордун таасирлерин бирден карап көрөлү:

- демократия менен коррупция арасында бул жерде тескери байланыш бар экендиги байкалууда. Жогоруда айтылгандай, коррупция индексинин өсүшү коррупциянын төмөндөгөндүгүн түшүндүрөт. Демократия көрсөткүчүнүн өсүшү демократиянын төмөндөгөндүгүн көрсөтөт. Демек, бул жерде демократия көрсөткүчүнүн 1 бирдикке өсүшү (демократиянын төмөндөшү) коррупция индексинин 0,36 бирдикке төмөндөшүнө (коррупциянын өсүшүнө) алып келет, жана тескерисинче. Бул жыйынтык теорияга да, буга чейинки жасалган эмгектердин жыйынтыгына да туура келет. Бул өзгөрүүчүнүн коэффициенти статистикалык жактан (0,99 ишеним деңгээлинде) маанилүү. Б.а., Н1 гипотезасы 99% ишенимдүүлүк деңгээлинде кабыл алынат;
- мамлекеттик кийлигишүүнүн 1 бирдикке өсүшү коррупция индексин 0,018 бирдикке төмөндөтөт (коррупцияны өстүрөт). Бирок, бул көрсөткүчтүн коэффициенти статистикалык жактан маанилүү болбогондуктан, бул жыйынтык шектүү. Б.а., Н2 жана Н2' гипотезаларынын экөөсүн тең 90% ишенимдүүлүк деңгээлинде да кабыл ала албайбыз;
- адам башына ИДПнын 1000 долларга өсүшү коррупция индексинин 0,111 бирдикке өстүрөт (коррупцияны төмөндөтөт). Н3 гипотезасы 99% ишенимдүүлүк деңгээлинде кабыл алынат. Бул жыйынтык да теорияга, буга чейинки жасалган эмгек жыйынтыктарына дал келет. Тагыраак айтканда, бай өлкөлөрдө коррупция индекси төмөн. Бирок, коррупция индекси кабылдоого таянгандыктан, жакыр өлкөлөргө коррупциянын таасири көбүрөөк сезилгендиги натыйжасында коррупция индекси жогору табылып жаткан болушу да мүмкүн. Себеби, коррупция натыйжалары бөлүмүндө байкалгандай, коррупциянын да жакыр катмарга таасири күчтүү;
- калктын билим деңгээли өскөн сайын коррупция индекси өсөт (коррупция төмөндөйт). Бул абал калктын мыйзам бойунча сабаттуулугунун да өсүшү натыйжасында жоопкерчиликтен коркуунун өсүшү, коррупциянын зыяндарын калктын жакшыраак түшүнүшү сыяктуу факторлор менен түшүндүрүлүшү мүмкүн. Бирок, бул өзгөрүүчүнүн коэффициенти да статистикалык жактан маанилүү эмес деп

аныкталды. Б.а., H4 гипотезасын 90% ишенимдүүлүк деңгээлинде кабыл ала албайбыз;

- көлөкө өзгөрүүчүнүн коэффи-циенти статистикалык жактан маанилүү (0,90 ишенимдүүлүк деңгээлинде) деп аныкталды. Б.а., H5 гипотезасын 90% ишенимдүүлүк деңгээлинде кабыл алууга болот. Жалпысынан алганда, өткөөл өлкөлөрдө коррупция көрсөткүчү башка өлкөлөрдөн орточо 0,546 бирдикке төмөн (коррупция жогору). Мунун себеби, жогоруда да айтылгандай, өткөөл учурда институттардын начар иштеши, демократиялык системанын эффективдүү абалга жете элек болушу жана бул өлкөлөрдө жүргүзүлгөн ар кандай реформалардын (анын ичинде эң маанилүүсү менчиктештирүү) жана социалдык-экономикалык саясаттардын натыйжасы болушу мүмкүн.

Статистикалык жактан маанисиз болгон өзгөрүүчүлөрдү модельден алып салуу менен төмөнкүдөй модель алынды:

$$CPI_i = 3{,}994 - 0{,}339 \cdot dem_i + 0{,}0001 \cdot ppp_i - 0{,}594 \cdot dummy_i \,. \qquad (3)$$

Жалпысынан, жыйынтыктарда көп деле өзгөрүү болгон жок. Көлөкө өзгөрүүчүнүн коэффициентинде жана анын статистикалык жактан маанилүүлүк деңгээлинде өсүү болду. Мурунку моделде бул коэффициенттин статистикалык маанилүүлүгү 0,90 ишенимдүүлүк деңгээлинде болгон болсо, эми 0,95 (т.а., 0,97) ишенимдүүлүк деңгээлинде да маанилүү деп аныкталды. Демек, өткөөл өлкөлөрдө коррупция деңгээли салыштырмалуу жогору болууда.

Демек, коррупцияга биз кошкон өзгөрүүчүлөр арасынан демократия, киши башына улуттук киреше жана көлөкө (өткөөл экономикалуу өлкөлөр) өзгөрүүчүнүн статистикалык маанилүү таасири бар экендиги аныкталды.

Таблица 2. Коррупциянын статистикалык маанилүү факторлору менен регрессиялык модель жыйынтыктары

| Көз-каранды өзгөрүүчү: **CPI** | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Ыкма: Эң кичине квадраттар | | | | |
| Өрнөк: 1 61 | | | | |
| Көзөмөл саны: **61** | | | | |
| Өзгөрүүчү | Коэффициент | Стандарттык ката | t-стат. | Ыктымалдуу-лук (Prob.) |
| **C** | 3.994803 | 0.388293 | 10.28810 | **0.0000** |
| **DEM** | -0.339696 | 0.081803 | -4.152626 | **0.0001** |
| **PPP** | 0.000108 | 1.06E-05 | 10.16718 | **0.0000** |
| **DUMMY** | -0.593765 | 0.264409 | -2.245632 | **0.0286** |
| **R-squared** | **0.831535** | Mean dependent var | | 4.777049 |
| **Adjusted R-squared** | **0.822668** | S.D. dependent var | | 2.219939 |
| S.E. of regression | 0.934833 | Akaike info criterion | | 2.766427 |
| Sum squared resid | 49.81304 | Schwarz criterion | | 2.904845 |
| Log likelihood | -80.37604 | **F-statistic** | | **93.78312** |
| Durbin-Watson stat | 2.119347 | **Prob(F-statistic)** | | **0.000000** |

Бирок, маалымат чектүүлүгү жана кээ бир сапаттык факторлор бойунча сандык көрсөткүчтөрдүн жок болушу эмпирикалык эмгектерди чектейт. Чындыгында, коррупция көп тараптуу түшүнүк болуп саналат жана анын себептери да ар кандай болууда. Буларды жалпысынан фундаменталдык, уюштуруучулук (организациондук) жана социенталдык факторлор деп үч топко бөлгөн Макаровдун (2008) көз-карашына кошулууга болот.

Таблица 3. Коррупцияны жойууда комплекстүү чаралар

| Факторлор | Чечүү жолдору |
|---|---|
| Фундаменталдык:<br>• экономикалык институттардын эффективдүү болбошу;<br>• экономикалык саясаттын максатсыз, натыйжасыз жүргүзүлүшү. | • жарандык коомду күчтөндүрүү;<br>• эффективдүү коомдук көзөмөл системасын түзүү;<br>• эффективдүү институттардын калыптанышы багытында реформалар жүргүзүү. |
| Уюштуруучулук (организациондук):<br>• мамлекеттин алсыздыгы;<br>• мыйзамдардын бүдөмүк болушу жана бат өзгөрүшү;<br>• көзөмөлдүн начар болушу;<br>• мамлекеттик тармакта эмгек акынын төмөн болушу. | • эмгек акыларды жогорулатуу жана мамлекеттик кызматкерлерге социалдык шарттар түзүү (мамлекеттик кызматка сапаттуу кадрлардын келишин стимулдоо);<br>• ылайыктуу кызматкерлерди тандоо үчүн шайлоо системасын жакшыртуу;<br>• көзөмөлдү күчтөндүрүү, е-мамлекет системасын киргизүү;<br>• мыйзам жана эрежелерди жөнөкөй, түшүнүктүү, жеткиликтүү кылуу.<br>• конституция жана мыйзамдардын туруктуулугун камсыз кылуу. |
| Социенталдык:<br>• коомдук аң-сезим;<br>• мамлекеттик кызматкерлердин бюрократиялык мамиле жасашы;<br>• коомдун коррупцияны кадыресе кабыл алышы;<br>• элдин тарыхый өтмүшү;<br>• салты, маданий өнүгүү деңгээли;<br>• кызматкердин чечкиндүүлүгү, принципиалдуулугу, ахлагы. | • калктын демократиялык сабаттуулугун жогорулатуу;<br>• коррупцияга каршы коомдук аң-сезимди ойготуу (мектептен баштап, тарбия берүү, дин кызматкерлеринин активдүү иш алып барышы);<br>• элдин патриоттуулук, мамлекеттүүлүк аң-сезимин калыптандыруу, бөлүнүүчүлүккө, тууганчылыкка жол бербөө;<br>• лидерлердин өрнөк болушу. |

Демек, коррупцияны жойууда комплекстүү чаралар зарыл. Тагыраак айтканда, системалык аракет кылуу, жалпы элди коррупцияга каршы «ойготуу» (коррупциянын өлкө келечеги үчүн канчалык кооптуу экендигин түшүндүрүү, коррупциясыз жашоонун артыкчылыктарын так көрсөтүү аркылуу), коомдук жоопкерчиликти жогорулатуу, патриоттуулукту өстүрүү, демократиялык системаны бекемдөө, бул максатка жетүү үчүн сабаттуулукту жана коомдук көзөмөлдү күчөтүү, толук ачык-айкындуулукка жетишүү боюнча иш-чаралар, аракеттер зарыл.

Жалпылай караганда, коррупция көпчүлүк өлкөлөр сыяктуу өлкөбүздө да коомдук маселеге айланды. Ошондуктан, коррупцияны токтотууда коомдук аң-сезим жана ахлактын оңолушу эң негизги фактор болуп саналат. Коомдук аң-сезимдин жана ахлактын жогорулашы коомдук көзөмөлдү калыптандырат, демократиялык системанын туура колдонулушуна жана мамлекеттик кызматка ылайыктуу адамдардын тандалышына негиз түзөт.

Адабияттар:

1. Treisman, D. (2000). The Causes of Corruption: A Cross National Study. **Journal of Public Economics, 76**. pp. 399-457. http://www.sscnet.ucla.edu/polisci/faculty/treisman/causes.PDF, 14/12/2009.

2. Goel, R.K. and Nelson, M.A. (2008). Causes of corruption: History, Geography and Government**. BOFIT Discussion Papers 6**. http://www.bof.fi/bofit, 10/01/2010.

3. Akçay, S. (2002). Corruption, Democracy and Bureaucracy: Empirical Evidence From Developing Countries. G.Ü. İ.İ.B.F. Dergisi, 1/2002. pp. 205-218.

4. Serra, D. (2004). Empirical Determinants of Corruption: A Sensitivity Analyses. **Global Poverty Research Group, GPRG-WPS-012.** www.gprg.org, 10/01/2010.

5. Ades, A. and R. Di Tella. (1999). Rents, Competition and Corruption. **American Economic Review 89**. pp. 982-993.

6. Paldam, M., 2002. The Big Pattern of Corruption, Economics, Culture And The Seesaw Dynamics. **European Journal of Political Economy 18**. pp. 215– 240.

7. Tanzi, V. (1994). Corruption, Governmental Activities, and Markets. **IMF Working Paper, IMF**, Washington DC.

8. Goel, R.K. and M.A. Nelson. (1998). Corruption and Government Size: A Disaggregated Analysis. **Public Choice, 97**. pp. 107-120.

9. La Porta, R. et al. (1999). The Quality of Government. **Journal of Law, Economics and Organization, Vol. 15, No: 1.** pp. 222-279.

10. Shleifer, A. and Vishny, W.R. (1993). Corruption. **The Quarterly Journal of Economics, Vol.: 108, No: 3**. pp. 599-617.

11. Herzfeld, T. and Weiss C. (2003). Corruption and Legal (In)Effectiveness: An Empirical Investigation. **European Journal of Political Economy. Vol. 19**. pp. 621–632.

12. Persson, T., G. Tabellini and F. Trebbi. (2003). Electoral Rules and Corruption. **Journal of the European Economic Association 1(4)**. pp. 958-989.

13. Ades, A. and R. Di Tella. (1997). The New Economics of Corruption: A Survey and Some New Results. **Political Studies, 45**. pp. 496-515.

14. Leite, C. and J. Weidmann. (1999) Does Mother Nature Corrupt? Natural Resources, Corruption and Economic Growth. **IMF working paper, 99/85**.

15. Van Rijckeghem, C., Weder, B. (1997). Corruption and the Rate of Temptation: Do Low Wages in the Civil Service Cause Corruption? **Working paper WP/97/73, International Monetary Fund**, Washington, DC.

16. Mauro, P. (1995). Corruption and Growth. **The Quarterly Journal of Economics, Vol. 110, No: 3.** pp. 681-712.

17. Paldam, M. (2001). Corruption and Religion Adding to the Economic Model. **Kyklos, Vol. 54, No: 2/3.** pp. 383-414.

18. Swamy, A. et al. (2001). Gender and Corruption. **Journal of Development Economics, Vol. 64.** 25-55

19. Dollar, D. et al. (1999). Are Women Really the Fairer Sex? Corruption and Women in Government. **Policy Research Report on Gender and Development Working Paper Series, No: 4.** pp. 1-12.

20. Gatti, R. et al. (2003). Individual Attitudes Toward Corruption: Do Social Affects Matter? **World Bank Policy Research Working Paper, No: 3122.** pp. 1-24.

21. Макаров В.В. **Коррупция как угроза экономической безопасности России:** Автореф. дисс. ... канд. экономич. наук. – М.: Институт экономики Московской академии экономики и права, 2008.